# Өз өлкөмдө мен жалгыз



Автор: Азиза Тыналиева
Которгон: Сулайман Рысбаев
Сүрөтчү: Бермет Кудайбергенова

# Өз өлкөмдө мен жалгыз

Автор: Азиза Тыналиева
Которгон: Сулайман Рысбаев
Сүрөтчү: Бермет Кудайбергенова

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

«Өз өлкөмдө мен жалгыз» (кыргыз тилинде), автор Азиза Тыналиева, которгон Сулайман Рысбаев, сүрөтчү Бермет Кудайбергенова

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom





Менин атым – Эркин. Мен 10 жаштамын. Менин апам, атам жана Бану деген карындашым бар. Мен мектепке барам, окуйм, досторум менен баарлашам. Мектепте досторум көп, бирок Алихан – менин эң жакын досум. Биз суунун эки тамчысындайбыз. Экөөбүздүн жашыбыз тең. Биз ашканага чогуу барганды жана камырга оролгон сосисканы жакшы көрөбүз. Экөөбүз дайым чогуу шахмат ойнойбуз. Анан да, экөөбүз тең математиканы сүйөбүз! Мен убактымды мектепте өткөргөндү жакшы көрөм. Ал жерде көп жакшы жана жаңы нерселер бар экенин жакшы билем.

Бирок жаңы мугалим эжеке келгенден кийин биз алмашып отуруп калдык. Бир жолу мен сабакта жооп бере албай калганымда, мугалимим мага капа кылар сөз айтып, сабактын акырына чейин бурчка тургузуп койду. Мен аябай уялдым, себеби баары мени шылдыңдап күлүштү. Ошол окуядан кийин классташтарым мени ошентип шылдың кылып жүрүштү. Мен аны өзүм оңдогум келди, өзүм да өзүмдү күнөөлөдүм, бирок үйгө кетип бараткanda катуу капаландым. Анан да күн сайын мага эч ким көңүл бурбашын каалaдым жана алардан оолак болгум келди.

Убакыт өтүп жатты, мен ал мугалимдин сабактарына болгон кызыгуум жоголуп баратты. Мен үй тапшырмасын да аткаргым келбей, жаман баа ала баштадым.

Мага классташтарым да башкача мамиле жасай баштагандай сезилди. Алар мени менен ойногонду токтотушту, сабакта да менин жаныма эч ким отургусу келбей калды. Ал тургай, менин досум Алихан дагы өзгөрүп кетти.





Бир күнү танаписте мен Алиханга ашканага бирге баралы деп сунуш кылдым эле, ал минтип жооп берди:

– Кечирип кой, мен өзүмө башка дос таап алдым.

Ал ушул сөзүн ишенкиребей айтты да, ары-бери жагын каранды. Мен түшүндүм, ал биз экөөбүздүн турганыбызды эч ким көрбөсүн дегени болчу.

– Чынбы?

Мен ичим ысып-күйүп чыккандай болдум.

– Мен сени сагындым,  – деди ал акырын. – Эсиңдеби, биз сабактан кийин кандай ойночу элек?

Ошентти да, минтип күбүрөндү:

– Кечирип кой, мен кетишим керек.

Мага өтө кыйын болду. Көз жашымды зорго toктотуп турдум.

Мен мектепте жалгыз калгандай болдум. Ал тургай, шаар ичинде жалгыз калган окшодум. Бүтүндөй өлкөмдө жалгыз сездим өзүмдү. Мен эми эч ким менен сүйлөшкүм келбей калды.



Мектепке келип, өзүмдүн сүйүктүү мультфильмим "Зверополисти" көрүп отурдум. Анда баары башкача болчу. Анда достор сатып кетишпейт. Мен телевизордун маңдайында көпкө, апам мени кечки тамакка чакырганга чейин отурдум. Бирок ансыз деле менин тамак жегим келген эмес. Бир кезде апам өзү менин жаныма басып келди.


– Уулум, сен эч ким менен сүйлөшпөй калганың мени абдан тынсыздандырып жатат. Бану менен да бирге ойнобой калганыңа арызданып жатат. Ал соңку мезгилде мектепке да жалгыз барып-келип жатканыңды байкаптыр. Эмне болду сага, уулум?

– Эч нерсе эмес, баары ордунда – деп мен жалган айттым.

Мен апама эч нерсе айткым келген жок, анткени эркек ар убакта өзүнүн проблемасын өзү гана чече билүүсү зарыл. Бардык жерде ушинтип айтышат. Бирок апам мени кучагына кысты, ошондо айыбымды ачып, көзүмө жаш толуп чыкты. Мен мугалим эжейди эстедим. Анын мени шылдыңдаган кебетеси жана мага ат койгону менин экинчи ысымым болуп калган эле. Мен айлам жок, апама болгон окуянын баарын айтып бердим.

Апам мени укту да, мага олуттуу мындай деди: “Мен түшүндүм, сага абдан оор. Бирок мугалимиң сени класста басынтууга эч кандай укугу жок. Эртең мектепке чогуу барабыз”.

Мен апамдын сөзүндөгү ишенимди сездим, ошондон улам мен бир азга жеңилдей түштүм. Мен өзүмдүн кичинекей карындашым Бануну эстедим, ал мени сагынганын ойлодум да, аны менен ойноого жөнөдүм.



Кийинки күнү апам экөөбүз мектепке чогуу бардык да, мугалим менен жолуктук. Ал кейигендей башын жерге салып бизге карады. Мен далисте калдым, а мугалимим апам экөө окуу бөлүмүнүн башчысынын каанасына кирип кетишти. Алар бир нерселер тууралуу көпкө сүйлөшүштү. Анан биз класска кирдик. Мен өзүмдүн партама акырын отурдум. Класста тынчтык өкүм сүрдү. Мугалимим мага кайрылды: “Эркин, кечирип кой мени, мен тура эмес кылыпмын. Ошол күнү абдан иш көп болчу. Мен өзүмдүн эмоциямды кармай албапмын...”.

Ал көзүн жашылдантып, мени кучактады. Мен эч нерсе дей алганым жок, бирок аны кечирдим.



Эртеси класска мектеп психологу биздин проблемабызды чечүү үчүн келди. Өзгөрүү баарыбызга тиешелүү болчу: мага, менин досторума жана мугалимиме.

Психолог менен сүйлөшкөндөн кийин мен өзүмдүн жеке инсан экенимди жана сыйлоого татыктуу экендигимди түшүндүм. Мен эми мектепке кайрадан кубануу менен бара баштадым. А жакында мага Алихан басып келди да, кайрадан дос болуу сунушун билдирди. Мен эми өлкөмдө жалгыз жан эмесмин.

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ


Автор: Азиза Тыналиева

Которгон: Сулайман Рысбаев

Сүрөтчү: Бермет Кудайбергенова



USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору

Кыргыз Республикасы


1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- **4.2 деңгээли**